**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

**Б.Н.ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯ
СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д 23.17.559

*кол жазма укугунда*
УДК 654.197:32

**САТЫЛКАНОВА АНАРА РЫСБЕКОВНА**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРИНДЕГИ КООМДУК ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ (КТРКнын мисалында)

**Саясий илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу
үчүн жазылган диссертацияга**

**АВТОРЕФЕРАТ**

**Адистик 23.00.02- саясий институттар,
процесстер жана технологиялар**

Бишкек – 2018

Диссертациялык иш КР Улуттук Илимдер Академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун саясат таануу жана мамлекеттик башкаруу проблемалары бөлүмүндө аткарылган.

**Илимий жетекчи:** **Артыкбаев Мэлс Табалдиевич**
философия жана саясий илимдеринин доктору, профессор

**Расмий оппоненттер:** **Абдрашев Акунжан Баказович**
Саясий илимдеринин доктору, профессор

**Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркулович**
Саясий илимдеринин кандидаты, доцент

**Жетектөөчү уюм:** **И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университети,**
философия жана гуманитардык билимдер кафедрасы, дареги: Бишкек ш., 720026, Раззаков көч,. 51

Диссертацияны коргоо 2018-жылдын 25-майында саат 14.00дө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын алдындагы жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы саясий жана социологиялык илимдердин докторунун (кандидатынын) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.17.559 Диссертациялык кеңештин жыйынында болот.

Дареги: Бишкек ш., Панфилов көчөсү, 237, 1 корпус, 304 аудитория

Диссертация менен http://www.apap.kg/ сайтында жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын илимий китепканасында таанышууга болот.
Дареги: Бишкек ш., Панфилов көчөсү, 237, 1-корпус

Авторефераты 2018-жылдын 25-апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**Окумуштуу катчысы,**
**саясат таануу илиминин кандидаты** **Ч.Абдыраманова**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

***Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу*** коомдогу өзгөчө өнүгүп жаткан маалыматтык революциянын шартында телекөрсөтүүнүн саясий процесске таасири ургаалдуу өсүп жатканы менен шартталган. Азыркы мезгилде телекөрсөтүү масс-медианын негизги бөлүгү катары саясий социалдашуунун кыйла маанилүү фактору болуп, абдан маанилүү саясий проблемаларда “төртүнчү бийлик” катары коомдук пикир түзүү менен саясий процесске таасир этүүнүн зарыл кыймылдаткычы болуп калды.

Кыргызстандын өнүгүүсүнүн азыркы этабында масс-медиа, айрыкча коомдук телекөрсөтүү коомдогу ар түрдүү саясий күчтөрдүн диалогун түзүүдө өзгөчө ролду ойнойт. Жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсү менен маалыматтык коомдун калыптануусу бир катар институттук өзгөрүүлөрдү башынан өткөрүп, бул багытта улуттук индустрия өнүгүп жатат, саясий маалыматтык мейкиндиктин борбору болгон коомдук телекөрсөтүү да андан ары өнүгүүнүн үстүндө.

Бүгүнкү күндө Коомдук телерадиоберүү корпорациянын (КТРК) өлкөнү демократиялаштыруу шартында саясий модернизация процессине катышуусуна арналган илимий системалуу анализ жок. Жарандык коомдун ар түрдүү саясий институттары менен өз ара байланышуунун жана диалог түзүүнүн так эрежелери, андан тышкары, коомдук телекөрсөтүүгө манипуляциялык таасир этүүнүн кайсы каражаттары кыйла натыйжалуу экени да аныкталган эмес. Ошондой эле ата мекендик саясат таануу илиминде ушул кезге чейин Кыргызстандын демократиялашуу процессинде саясий коммуникациялардын каражаты болгон коомдук телерадиокорпорациянын (КТРК) калыптанышына жана өнүгүшүнө арналган атайын илимий изилдөөлөр жок. Андан тышкары, коомдук телекөрсөтүүгө манипуляциялык таасир этүүнүн каражаттары кыйла натыйжалуу болуучу тобокелдүү чөйрөлөр аныкталган эмес.

Диссертант өзүнүн илимий изилдөөсүндө өлкөнүн саясий модернизация процессиндеги КТРКнын ишин системалуу иликтеген жана анын коммуникациялык илимий тажрыйбасына жана практикалык жетишкендиктерине анализ жүргүзгөн.

Ошондуктан коомдук телекөрсөтүүнүн саясий процесстерге таасир этүүгө, анын конструктивдүү ролуна жана азыркы учурдагы манипуляциялык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүнө байланышкан негизги проблемаларын илимий изилдөө бул диссертациялык иштин актуалдуулугун белгилейт.

Проблеманын актуалдуулугу Кыргызстанда азыркы учурдагы коомдук телекөрсөтүүнүн илимий концепциясын иштеп чыгуу зарылдыгына да байланыштуу.

Автор учурдагы ааламдашуу шартында коомдук телекөрсөтүү жана жаңы цифралык технологиялар чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын

калыптануу проблемасын, саясий турмуштун ретранслятору – Кыргызстан коомчулугунун демократиялуу транзиттик коомду курууда саясий коммуникациясынын негизи болгон КТРКнын мисалында өлкөнүн коомдук телекөрсөтүүсүнүн андан аркы калыптануу жолдорун изилдеп, Кыргызстандагы коомдук телекөрсөтүүнүн башкарылышын, программалык саясатын, каржыланышын, ошондой эле дуушарланып жаткан негизги проблемаларын изилдеген.

Таасирдүү коомдук пикирди жарата алуучу коомдук телекөрсөтүүнүн иштешинин заманбап демократиялык концепциясын өнүктүрүү – учурдун кечиктирилгис талабы. Ошондуктан коомдук телекөрсөтүүнүн өлкөдө болуп жаткан саясий процесстерге таасир этүүгө байланышкан негизги проблемаларын, анын иштиктүү ролун жана заманбап манипуляциялык технологияларынын мүмкүнчүлүктөрүн илимий изилдөө - бул изилдөөнүн актуалдуулугун арттырат.

***Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар жана негизги илимий-изилдөөлөр менен байланышы.***

Диссертациялык изилдөөнүн темасы 2013-2017-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына (цифралык телекөрсөтүүгө өтүү приоритеттүү улуттук долбоорлордун бири катары аныкталган), Өкмөттүн Туруктуу өнүгүүгө өтүү боюнча Программасына жана Планына (2013-2017-жж.), ошондой эле “Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын 2013-2025-жылдарга карата өнүгүү стратегиясынын” негизги приоритеттүү илимий багыттарына (15-бөлүм: Өлкөнүн экономикасынын конкуренцияга жарактуулугун жогорулатуу үчүн инновациялык иштин системасын түзүү; 18-бөлүм. Информациялык жана телекоммуникациялык системаларды жана технологияларды өнүктүрүү) тыгыз байланыштуу. Андан тышкары, бул тема Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун “Эгемен Кыргызстандагы конституциялык-мыйзамдык реформалардын башталышы жана өнүгүшү” деп аталган илимий-изилдөөчү программанын приоритеттүү багыттары менен да байланыштуу.

Өлкөнүн жана коомдун алдындагы зарылдыктарга, медиа-чөйрөнүн жана технологиялардын өнүгүүсүндөгү глобалдык тренддерге, маселелердин актуалдуулугуна жараша бул илимий тема КТРКнын 2013-2015-жж. карата стратегиясынын жана Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадио корпорациясынын (КТРК) 2017-2019-жылдарга карата стратегиясына да байланыштуу.

***Изилдөөнүн максаты:*** Диссертациянын максаты - Кыргыз Республикасынын демократиялашуу шартындагы саясий процессте КТРКнын социалдык-саясий, маданий процесстердин маанилүү субъекти катары ролун жана коомдо саясий маданиятты калыптандыруудагы анын

таасирин коомдук телекөрсөтүүнүн заманбап саясий коммуникацияларын системалуу анализдөө менен көрсөтүү болуп саналат.

***Изилдөөнүн милдеттери:***

- коомдук телекөрсөтүүнүн илимий дисциплина катары теориялык жана методологиялык негиздерин жана анын коомдогу саясий маданияттын калыптанышына таасирин изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын коомдук телекөрсөтүүсүнүн ишин жөнгө салуучу мыйзамдык базаны изилдөө, коомдук телекөрсөтүүнүн өлкөнү саясий модернизациялоодогу мыйзамдык легитимдүүлүгүн аныктоо;
- Кыргыз Республикасынын саясий модернизациясындагы институттардын бири катары КТРКнын ишинин өлкөнүн социалдык-саясий процесстериндеги функционалдык мүнөздөмөлөрүн жана негизги багыттарын изилдөө;
- саясий институт катары коомдук телекөрсөтүүнүн калыптануусун, азыркы абалын жана өнүгүү келечегин изилдөө.

***Изилдөөнүн объекти катары*** Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (КТРК) алынган, себеби, КТРК Кыргызстанда эле эмес, Борбордук Азияда эң биринчи түзүлгөн коомдук канал, анын коомдо саясий чечимдерди кабыл алууга тийгизген таасири абдан чоң.

Теманын аталышына жана максаттары менен милдеттерине жараша диссертант телекөрсөтүүнүн ишин гана изилдеген, анткени саясий окуяларга жана көрүнүштөргө карата мамилени түзүүдөгү натыйжалуулугу анын берүүлөрүнүн камтыган чөйрөсүнө жана маалыматты берүүнүн (үн+видео) өзгөчөлүгүнө жараша болот.

***Диссертациянын илимий жаңычылдыгы.***

Бул изилдөө – ата мекендик саясат таануу илиминде коомдук телекөрсөтүүнүн саясий функцияларды аткарышына жана өлкөнү демократиялаштыруу шартында саясий процесстерге анын таасирин аныктоого байланыштуу биринчи кеңири жана системалуу илимий анализ. Анда коомдун саясий коммуникацияларынын системасындагы коомдук телекөрсөтүүнүн ролу биринчи жолу илимий жактан негизделип, саясий маданиятты калыптандыруунун фактору катары коомдук телекөрсөтүүнүн калыптанышы жана келечеги изилденген. Илимий коомчулуктун көңүлүнө саясий коммуникациялардын теориясы, алардын саясий маданиятка, коомдук телекөрсөтүүгө арналган эмгектерге таасирлери боюнча чет өлкөлүк илимий эмгектердин жана ата мекендик илимпоздордун изилдөөлөрүнүн жалпыланган анализи сунушталган.

***Диссертациянын практикалык мааниси*** баарыдан мурда анын натыйжалары массалык маалымат каражаттарын, айрыкча коомдук телекөрсөтүүнү оптималдаштырууда жана практикалык жактан өркүндөтүүдө пайдаланылышы, анын саясий коммуникацияларды жөнгө салуудагы маанилүү ролу менен аныкталат. Диссертациянын жоболору жана жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик

маалыматтык саясатын андан ары иштеп чыгууда, республиканын ЖОЖдорунда "ЖМК жана саясат", "Саясий технологиялар" ж.б. курстарын окутууда пайдаланылса болот. Диссертацияда коомдук телекөрсөтүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу стратегияны жана ченемдик укуктук базаны иштеп чыгууда пайдаланса боло турган даяр кейстик база камтылган.

***Коргоого коюлуучу негизги жоболор:***

**1.** Азыркы демократиялуу Кыргызстан социумунда коомдук телекөрсөтүү негизги саясий каражат болуп саналат, анын жардамы менен ар кыл социалдык топтор, партиялар, коомдук уюмдар жана мамлекет өздөрүнүн саясий кызыкчылыктарын массанын аң-сезимине таасир этип, маанилүү саясий маселелер боюнча коомдук пикирди түзүшөт;

**2.** Бирдиктүү коомду түзүү, аны баш коштуруу жагынан жарандарга маалымат берүүдө коомдук телекөрсөтүүнүн иши – өлкөнүн натыйжалуу жана туруктуу өнүгүүсүнүн факторлорунун бири. Коомдук телекөрсөтүү жаатындагы мамлекеттин саясатынын натыйжалуулугу коомдук пикирге жана саясий процесстерге таасир берет;

**3.** Саясий аң-сезимди жана саясий маданиятты калыптандырууда өзүнүн коммуникациялык технологияларын пайдаланууга чоң мүмкүнчүлүгү бар саясий феномен катары өлкөнү демократиялаштыруу шартында коомдук телекөрсөтүүнүн ролу жана мааниси абдан зор;

**4.** Коомдук телекөрсөтүүнүн жарандык коомго таасиринин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчү болуп төмөндөгүлөр саналат: массалык аудиториянын телекөрсөтүү системасына тартылгандыгы; саясий маалыматты алууда телекөрсөтүүнүн айрым берүүлөрүн; анын ичинде тийиштүү саясий билдирүүлөрдү тандоо; маалыматты алуучулардын аң-сезиминде жана түрүм-турумунда саясий маалыматтын актуалдаштырылышы.

**5.** Азыркы Кыргызстанда рыноктук мамиленин өнүгүшү масс-медианын капитал топтоо процессине олуттуу көз каранды болушуна алып келди. Иш жүзүндө масс-медиа биринчи иретте финансылык-өнөр жайлык топтордун атаандашып жаткан кызыкчылыктарын билдирүүчү корпоративдүү–инструменттик моделге айланды. Мындай шартта коомдогу күчтөрдүн реалдуу ал-абалдарын, саясий пикирлердин жана коомдогу саясий кызыкчылыктардын бүткүл спектрин эске алуучу кыйла маанилүү институт болгон КТРК менен өз ара байланышта иштөөгө багытталган мамлекеттин маалымат саясаты өзгөчө мааниге ээ болот;

**6.** Коомдун демократиялашуу жана жаңы технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу шартында коомдук телекөрсөтүүнүн натыйжалуу иштеши саясий коммуникациянын институттарынын бири катары КТРКны модернизациялоого түздөн-түз байланыштуу. Мындай шартта коомдук телекөрсөтүү учурдун талабына жараша коомчулук менен болгон байланыштын жакшыртылышына көз

каранды болот, коом өзүнүн талаптарын коюу менен коомдук телекөрсөтүүнүн ишине баа берүүдө активдүү ролду ойнойт.

***Изденүүчүнүн жеке салымы.*** Илимий иштин автору өлкөнүн коомдук-саясий турмушунун ар кыл чөйрөлөрүндөгү демократиялык өзгөрүштөрдө коомдук телекөрсөтүүнүн ролун изилдөөгө өзүнүн салымын кошкон. Диссертант коомдун ар түрдүү социалдык топторунун ишмердүүлүгүндө демократиялык дөөлөттөрдү калыптандырууда коомдук телекөрсөтүүнүн саясий ролун ачып көрсөткөн, ошондой эле өлкөдөгү саясий модернизациянын институттарынын бири катары КТРКнын калыптануусун жана өнүгүүсүн изилдеген. Диссертацияда сунушталган корутундулардын көп бөлүгү илимий-прикладдык мүнөзгө ээ болуу менен, коомдук телекөрсөтүүнүн ишин оптималдаштырууга жана жакшыртууга багытталган.

***Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.*** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары бир катар илимий билдирүүлөрдө, Германиянын Демократия, ЖМК жана маданий алмашуу институту (IDEM) жана Европанын Коопсуздук жана кызматташтык уюму (ОБСЕ) Коопсуздук боюнча борбору менен 2016-жылы бирге уюштурган, ошондой эле (IDEA CA уюму International University of Central Asia (IUCA) менен уюштурган Дебаттык технологияларды изилдөө боюнча илимий-практикалык конференциялардагы, тегерек столдордогу, семинарларда жана тренингдерде чыгып сүйлөгөн сөздөрдө; КРСУ уюштурган “Борбордук Азия аймагындагы жана глобалдык деңгээлдеги эл аралык терроризм жана экстремизм менен күрөшүү (2017-ж.), жана “Борбордук Азия мамлекеттеринде жана постсоветтик мейкиндиктериндеги интеграция процесси” (2016-ж.), “Борбордук Азиядагы учурдагы саясий процесстердин актуалдуу проблемалары” (2014-ж.) деген темалардагы саясат таануу окуулар циклинде пайдаланылган.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун саясат таануу жана мамлекеттик башкаруу проблемалары бөлүмүндө талкууланып жана коргоого сунушталган.

***Диссертациянын натыйжаларын жарыялоолордо чагылдыруунун толуктугу.***

Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары темага толугу менен шайкеш келет жана рецензияланган илимий басылмаларда жети макалада чагылдырылган, (анын ичинде эки макала Кыргыз Республикасынын ЖАК бекиткен рецензиялануучу илимий басылмалардын тизмесине кирген чет өлкөлүк илимий басылмаларга жарыяланган). Илимий иштин негизинде бир монография чыгарылды.

***Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.***

Диссертациялык иштин түзүмү изилдөөнүн негизги милдетине ылайык коюлган маселелерди логикалык ырааттуу чечүү менен аныкталат.

Диссертация кириш сөздөн, эки главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Эмгектин мазмуну 150 баракта баяндалган, библиография 227 булактардан жана 9 тиркемеден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациялык иштин **киришүүсүндө** теманын актуалдуулугу негизделген, изилденген теманын приоритеттүү илимий багыттар жана негизги илимий-изилдөөчү иштер менен байланышы ачылып көрсөтүлгөн, диссертациялык иштин максаты жана милдеттери аныкталган, илимий жаңычылдыгы, изилдөөнүн методологиясы жана теориялык негизи, практикалык мааниси ачыкталган, жактоого коюлуучу негизги жоболору, талапкердин жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланганы, изилдөөнүн натыйжаларынын публикацияларда чагылдырылышынын толуктугу, диссертациянын түзүмү жана көлөмү көрсөтүлгөн.

Диссертациянын **“Кыргыз Республикасындагы коомдук телекөрсөтүүнүн теориялык-методологиялык жана саясий-укуктук негиздери»** деген аталыштагы биринчи главасы эки параграфтан турат. Иштин биринчи параграфында **“Коомдук телекөрсөтүүнүн теориялык-методологиялык негиздери жана анын коомдо саясий маданиятты калыптандырууга таасири»** изилдөөгө алынат. Иште коомдук телекөрсөтүү жана анын саясий процесстерге таасири жөнүндө илимий-теориялык басылмалар, чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын бул проблемага тийиштүү коомдук телекөрсөтүүнүн тажрыйбасын анализдөөгө арналган эмгектери: америкалык теоретиктер Гарольд Лассуэлл менен Карл Дойчтун, атактуу америкалык изилдөөчү Олвин Тоффлердин, канадалык илимпоз Маршалл Маклюэндин, япон профессору Енедзи Масуданын, британиялык социолог Фрэнк Уэбстердин, россиялык окумуштуулар А.М. Гладьконун, А.И. Соловьевдин, А.И. Демидовдун, В.М. Долговдун, А.В. Мальконун, кош авторлор В.И. Жуков менен Б.И. Краскованын, Е.А. Воинованын, Ю. Харламовдун, тажик окумуштуусу И.Х. Хужаназарованын, казак илимпозу С.С. Адильбековдун ж.б. көптөгөн окумуштуулардын изилдөөлөрү талдоого алынды.

Ошондой эле Кыргызстандын окумуштууларынын бул темага тыгыз байланышы бар эмгектери да иликтөөгө алынды, алар: А. Акунов, М.Артыкбаев, Ж. Сааданбеков, К.Исаев, А.Дононбаев, Б.Торогельдиева, А.Абдрашев, Ж.Жоробеков, С.Нурова, Н.Омуралиев, Ч.Абдыраманова, М.Мырзагулов, Б.Мотукеев, Р.Салморбекова, Ч.Сыдыкбаев жана башкалар. Бирок, Кыргызстанда ушул күнгө чейин саясий маданиятты калыптандыруудагы коомдук телекөрсөтүүнүн ролун, анын саясий модернизациянын институттарынын бири катары өнүгүп жана калыптанышын системалуу талдаган атайын илимий эмгек жок экенин белгилөөгө болот.

Бул параграфта демократиялашуу шартындагы коомдук телекөрсөтүүнүн ролу жана анын коомдогу саясий маданиятка анын таасири илимий жактан анализделип ачылып көрсөтүлгөн.

Бүгүнкү күндө коомдук телекөрсөтүү – өлкөнүн турмушундагы негизги саясий маалымат каражаты, анын жардамы менен ар түрдүү социалдык топтор, партиялар, коомдук уюмдар жана мамлекет өзүнүн саясий кызыкчылыктарын массалык аң сезимге багыттап, айрыкча маанилүү саясий  проблемалар боюнча коомдук пикирди жана саясий маданиятты калыптандырат. Коомдук телекөрсөтүүнүн ишинин принциптерине жараша ага негизги үч принциптен турган өзгөчө милдеттер жүктөлөт, алар: коомдун жалпы кызыкчылыгына кызмат кылган көз карандысыз редакциялык саясат, бейтарап жана туура маалымат, жалпыга жеткиликтүүлүк.

Изденүүчү саясий маданиятты социалдык феномен катары жеке адамдарга коомдо кабыл алынган нормаларга ылайык саясатка катышуу үчүн билим жана иш-тажрыйба үйрөтүүчү механизм деп эсептейт. Саясий маданият өзүнүн социалдашууну ишке ашыруучу функциясы менен саясий тажрыйбаны муундан-муунга өткөрүү аркылуу саясий турмуштун ырааттуулугун камсыздайт.

Коомдун жашоосунда жана аны түзүп турган субъекттердин социалдык ишинде саясий маданияттын ролу көп маанилүү. Башкача айтканда, саясий маданият саясий жактан уюшкан коомдун жашоо-турмушун камсыздоо функциясын аткарат. Алардын негизгилерине: интеграциялык, коммуникациялык, жөнгө салуучу функцияларды жана адамдын саясий социалдашуу функциясын кошуруга болот.

Саясий маданият болгон билимдердин негизинде ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнөн турат, өзүнө жарандардын иштерин, социалдык топтордун активдүүлүгүн ыймандык жактан баалоо үчүн керектүү билимди камтыйт. Адамдардын саясатка карата мамилеси көбүнчө жеке жана коомдук саясий тажрыйбанын негизинде калыптанат. Саясий маданият өзүнүн илим-билимин саясий активдүүлүккө пайдалана билүүдөн, дөөлөттөрдүн, тигил же бул ынанымдардын же эрежелердин негизинде аракеттене билүүдөн турат. КТРКнын өнүгүү стратегиясы мына ушуларды эске алуу менен түзүлгөн.

Саясий маданиятты калыптандыруу үчүн керектүү шарттар саясий коммуникацияларды түзүшөт. Саясий коммуникация – бул саясий маалыматты жиберүү процесси, анын натыйжасында маалымат саясий системанын ар кыл тармактарына жайылтылат да, саясий процесстин катышуучуларына социалдык таасир этүү мүмкүндүгү менен атайын маалыматтык аянтча катары чыгат.

Коомдук телекөрсөтүүнүн саясий коммуникациялары саясий мүнөздөгү маалыматты жазуу, жиберүү жана алмашуу процедураларынан турат, ал саясий активдүүлүктү жаратууга арналат. Системанын ичинде саясий маалыматтын такай болуп туруу процесси жеке адамдардын

арасында, ошондой эле макулдашууга жетишүү үчүн башкаруучулар менен башкарылуучулардын ортосунда болот.

Аларды карап көрүүгө болуучу жалпы кабыл алынган парадигма төмөнкүдөй: алардын бирдейлигине, өз ара байланыштуулугун, андан кийин бир саясий мейкиндиктеги өз ара байланышта аракеттенүүлөрүн аныктоо. Изденүүчүнүн илимий анализи коомдук телекөрсөтүү аркылуу ар кандай саясий функциялар жана маселелер ишке ашырылат деген жыйынтыкка алып келди. Бүгүнкү күндө коммерциялык медиа уюмдарын изилдөө боюнча («М-вектор» жана Гэ́ллап Институ́ту изилдеген) тыянагына ылайык коомдук телекөрсөтүү өтө ар түрдүү чечимдерди кабыл алууга таасир этүүчү өз алдынча институт болуп саналат.

Коомдук телекөрсөтүүдө саясий таасир этүүчү негизги инструмент катары өлкөнүн жарандарынын жана жетекчилигинин көңүлүн бурган темаларды талкуулоо жана тандоо өзгөчө көрүнүп турат. Коомдук телекөрсөтүү адатта кайсы теманы тандап алып. коомчулуктун талкуусуна коюш керектигин, кайсыны койбош керектигин өзү аныктайт. Негизги темаларды жана талаптарды аныктоо коомдук телекөрсөтүүнүн жетекчилигинин жактыруусуна жана көз карашына эле эмес, азыркы социумда плюрализм шартында жаралган атайын эрежелер менен талаптардын таасири менен да болот. Мында коомдук телекөрсөтүүнүн ийгилигинин жана иштеп кетүүсүнүн шарты болуп аудиториянын көңүл буруусу жана ишенүүсү эсептелет. Элдин көңүлүн буруу үчүн коомдук телекөрсөтүү көп учурда материалдардын жана берүүлөрдүн проблематикасын аныктоодо төмөнкүдөй принциптерге таянат: а) проблематиканын аудитория үчүн артыкчылыгы; б) фактылардын өзгөчөлүгү; в) маалыматтардын жаңылыгы; г) саясий ийгилик; д) маалыматтын булагынын статусу канчалык бийик болсо, көрсөтүү ошончолук маанилүү жана баалуу деп эсептелет.

Ошентип, коомдук телекөрсөтүү саясий коммуникациянын функциясын аткаруу менен, коомду бириктирүүгө жана жалпы улуттук идеяны, ал эми келечекте мамлекеттик идеологияны иштеп чыгууга багытталган саясий өнүгүүнүн нугун түзөт.

**“Кыргыз Республикасындагы коомдук телекөрсөтүүнүн ишин саясий-укуктук жөнгө салуу” деген экинчи параграфта** КТРКнын коомдун коомдук-саясий турмушка катышуусунун ченемдик-мыйзамдык базасынын жөнгө салынышы иликтенген: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, «Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, «Шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси, Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси ж.б., ошондой эле

Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдер.

КТРКнын ишмердүүлүгүнө байланыштуу ченемдик укуктук базасын талдоодон улам кабыл алынган жана учурда иштеп жаткан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргызстанда Коомдук телекөрсөтүү институтунун үзүрлүү иштешине жана өнүгүүсүнө толук шарттардын түзүлүшүн камсыздай алгандыгын белгилөөгө болот. Коомдук телекөрсөтүүнүн көз каранды эместигинин негизги шарттарынын бири Байкоочу кеңешинин болуусу саналат. “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында КТРКнын жогорку башкаруучу органы Байкоочу кеңеш экендиги айтылган, анын курамы 5 жылга шайланган 15 мүчөдөн турат жана ал коллегиалдуу орган болуп эсептелет. Партиянын лидерлери, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар Кеңештин мүчөлөрү боло алышпайт. Кеңештин курамы Жогорку Кеңеш тарабынан 5 жылга бекитилет жана төмөнкүдөй түзүлөт: Кыргыз Республикасынын Президентинен - 5 мүчө; Жогорку Кеңештен - 5 мүчө; жарандык коомдон - 5 мүчө.

Байкоочу кеңеш Корпорациянын Уставын жана Редакциялык саясатын, ошондой эле жылдык бюджетин, финансылык-чарбалык планын жана отчетун бекитүүгө, Корпорациянын башкы директорун конкурстук негизде шайлоого жана аны кызматтан бошотууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (КТРК) республикалык бюджеттен каржыланат. Андан тышкары, каржылоо рекламанын, ошондой эле грант жана демөөрчүлүк каражаттардын, продукциясын, кызмат көрсөтүүлөрүн сатуунун, чарбалык иштин башка түрлөрүнүн, автордук укукту пайдаланууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка кирешелердин эсебинен каржыланышы мүмкүн.

Диссертант азыркы мыйзамдардын чегинде коомдук телекөрсөтүү төмөнкүдөй шарттарсыз иштеши мүмкүн эмес деп эсептейт:

**1.** КТРКнын ишинин ырааттуулугу редакциялык эрежелерге жана өндүрүштүк стандарттарга таянат, алардын максаты – социалдык-саясий программалардын жогорку сапатын, тактыгын жана калыстыгын камсыз кылуу болуп саналат;

**2.** Коомдук телекөрсөтүүнүн редакциялык көз каранды эместиги анын ишинин жалпы деңгээлине, ошондой эле журналисттердин профессионалдуулугуна туура, калыс жана бейтарап маалыматты берүү менен коомго кызмат кылууга чечкиндүүлүгүнө жараша болот. Телекөрүүчүлөр коомдук телекөрсөтүүнүн контентинин мазмуну саясий да, коммерциялык да, жеке адамдардын да таасиринде эмес, редакциялык

саясатка жараша медиа продукциянын тематикасын жана багытын өз алдынча аныктайт деген ишенимде болушу зарыл.

**3.** Мамлекеттик бийликтин алмашышы, анын ичинде өзгөчө кырдаалдар, массалык же башка толкундоолор коомдук телекөрсөтүүнүн редакциялык көз каранды эместигине таасир этпеши керек.

**4.** Коомдук телекөрсөтүү жарандардын маалымат алуусун толук камтууга аракеттенүү менен, коомдун бардык катмарларынын ар кандай табиттерин жана маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруучу ар түрдүү программаларды эфирге чыгарууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын коомдук телекөрсөтүү Институтунун саясий өнүгүү тажрыйбасын изилдегенден кийин төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

**1.** Коомдук телекөрсөтүүнү мыйзамдык жөнгө салууну жана мыйзамдык базасын андан ары өркүндөтүү бийликтин бардык бутактары үчүн бирдей шарттарды камсыздап, мыйзамдардын, ченемдик укуктук актылардын аткарылыш процессине өзгөчө көңүл буруп, саясий чечимдерди кабыл алуунун себептерин чагылдырууга тийиш.

**2.** Кыргызстанда КТРКнын көз карандысыз каржыланышын камсыздоо ушул кезге чейин чечилбеген маселелердин бири болуп келе жатат, анткени ал республикалык бюджеттен каржыланат.

Коомдук телекөрсөтүүнүн калыптанышына жана өнүгүү концепциясына негизги эки фактор таасир этээрин белгилеп коюу керек. Алар: коомдук телекөрсөтүүнү көз карандысыз каржылоо механизми – коомдук телекөрсөтүүдө (мисалы, кээ бир чет өлкөлөрдөгүдөй өкмөттүн бюджет аркылуу кысым көрсөтүүсүнөн куткарган абоненттик акы алуу), экинчи - коомдук телекөрсөтүүнүн башкаруу ыкмасынын өз алдынчалыгы, ага чоң укуктарга ээ болгон Байкоочу кеңеш өбөлгө түзөт.

**Диссертациянын «Кыргыз Республикасынын саясий процесстериндеги коомдук телекөрсөтүү (КТРКнын мисалында)»** деген экинчи главасы эки параграфтан турат. **"КТРК - Кыргыз Республикасынын саясий модернизациясынын институттарынын бири катары"** деп аталган биринчи параграфында саясий күчтөрдүн өз ара алакаларынын жана саясий-социалдык кайра түзүүлөрдүн шартында саясий модернизациянын институттарынын бири катары КТРКнын иши иликтенди.

Саясий модернизация – бул саясий процесстин катышуучуларынын социалдык турмуштун жаңы максаттарына жараша болуп жаткан саясий системага ыкчам таасир этүү жана өзгөртүү жөндөмү. Эреже катары, саясий процесстин өзгөрүшүндө саясий коммуникациянын жүрүшүндө иштелип чыккан жана коюлган маселелерди натыйжалуу чечүүгө жөндөмдүү ар кандай социалдык-саясий институттар түзүлөт.

Өлкөдөгү саясий модернизациянын таасири менен бүгүнкү күндө ЖМКны бийликтин тутумуна таандык кылып жатышат, коомдо аны мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана соттук бийликтерден кийинки

“төртүнчү бийлик” деп да аташат. Коомдук телекөрсөтүүнүн жарандарга маалымат берүү ишмердүүлүгү өлкөнүн ырааттуу жана туруктуу өнүгүү факторунун бири.

2010-жылдан бери КТРК мамлекеттик телекөрсөтүү уюмунан Коомдук телекөрсөтүү уюмуна айлануунун татаал реформалык процессинен өтүп жатат. Коомдук телекөрсөтүүгө өтүүнүн формасын калыптандыруу үчүн баштапкы жана кандайдыр бир деңгээлде жетишерлик даражадагы кадамдар жасалды. Алар:

- “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды;
- КТРКнын Коомдук Байкоочу кеңеши түзүлдү;
- “КТРКнын Редакциялык саясаты” иштелип чыкты жана кабыл алынды;
- “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясын өнүктүрүү Стратегиясы” кабыл алынды;
- Маалыматты берүүчү каналдар көбөйтүлдү: аудиториянын ар кыл сегменттик топтору үчүн жаңы телеканалдар ачылды, онлайн режиминде көрсөтүүчү интернет сайты ачылды;
- Жетишпеген жана жетишкен жактарды билүү үчүн ар тараптуу аудиттерди жүргүзүү киргизилди (финансылык, башкаруучулук, техникалык жана функционалдык анализ).

Натыйжада, Кыргызстандагы демократиялык өзгөрүүлөрдүн шартында коомдук телекөрсөтүү институту саясий куралдан саясий өз ара аракеттенишүү институтуна трансформацияланды.

КТРКнын саясий модернизацияга көз карандысыз катышуусу үчүн төмөнкүдөй зарыл шарттар түзүлдү:

- коомду демократиялаштыруу;
- коомчулукту саясий жана социалдык маанилүү чечимдерди кабыл алуу процессине кеңири катышууга тартуу;
- бийликтин коомчулуктун алдындагы жоопкерчилиги жана коомчулуктун бийликти контролдоо механизминин болушу;
- маалыматты өлкөнүн калкынын болушунча көп санына жеткирүү жана жайылтуу үчүн техникалык мүмкүнчүлүктүн болушу.

Коомдук телекөрсөтүү демократиялаштыруу идеясын таркатууда таасирдүү роль ойноп калды. Реалдуу саясий абалдан көрүнүп тургандай, демократиянын нормативдик теориясы боюнча мамлекеттик түзүлүштүн модели жарандын рационалдуу ой жүгүртүү жана өзүнүн иш-аракеттери үчүн жоопкерчилиги, көз карашы жөнүндө түшүнүктүн негизинде калыптанат. Андай адам саясий чечимдерди кабыл алууда ой жүгүртүп иш кылат. Бул багытта КТРК чоң иш жүргүзүп жатат. КТРК берген маалыматтардын негизинде элде президенттик институттун, Жогорку Кеңештин, өкмөттүн, партиялардын жана башка саясий институттардын иштери жөнүндө ой-пикир түзүлөт. Андан тышкары, социумдун турмушундагы экономикалык жана маданий чөйрөлөр жөнүндө

маалыматтар пайда болот. Коомдук телекөрсөтүү жарандарда алардын ар күнкү турмушуна жана тиричилигине түздөн-түз байланышпаган нерселер жана маселелер жөнүндө ойлордун жаралышында да өзгөчө маанилүү ролду ойнойт. Ал учурда таанып билүү функциясы дүйнөлүк саясат, ошондой эле мамлекеттердин тышкы саясаттары жөнүндө маалымат алып билүүдөн көрүнөт.

Кыргыз Республикасынын демократиялашуу шартындагы КТРКнын саясий модернизация институттарынын бири катары ишин аныктоодо, ошондой эле, кандидаттык иштин максатына жетүү жана алдыга коюлган маселелерин чечүү үчүн диссертант Кыргызстандын элинин КТРКнын социалдык-саясий программаларын кабыл алуу деңгээлин аныктоо боюнча бир топ изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Атап айтканда, берүүлөргө мониторинг жасалган. Изилдөөнүн географиясы – Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Жалал-Абад, Баткен, Ош областтары жана Бишкек, Ош шаарлары.

Сурамжылап изилдөөнүн жана КТРКнын контентин анализдөөнүн негизинде, азыркы демократиялуу Кыргызстан социумунда коомдук телекөрсөтүү ар кыл социалдык топтор, партиялар, коомдук уюмдар жана мамлекет өздөрүнүн саясий кызыкчылыктарын КТРК аркылуу массалык аң-сезимге таасир этип, кыйла маанилүү саясий проблемалар боюнча коомдук пикирди жаратуучу негизги саясий инструмент экендиги аныкталды. Коомдо саясий чечимдерди кабыл алууда КТРКнын коомдук пикирди жаратууга таасирин изилдөөнүн жүрүшүндө: *«Сиз ар кандай маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын расмий позициясын кайсы булактардан билесиз? Бул процессте КТРКнын үлүшү кандай?»* деген суроого төмөндөгүдөй жооптор алынды: Суроо берилгендердин 62,7 проценттен ашыгы (7 аймак боюнча 450дөн ашык респондент) коомдук телекөрсөтүү социалдык-саясий маалыматты алууда, ошондой эле саясий окуяларды баалоодо негизги маалымат алуучу жана багыт берүүчү булагы экенин айтышкан.

КТРКнын ар кыл саясий окуяларды чагылдырган берүүлөрүнүн контентине элдин мамилесин анализдеп, диссертант, Кыргызстандын коомчулугу болуп жаткан окуяларга карата өз түшүнүгүндө жана баа берүүсүндө биринчи кезекте КТРКнын позициясына таянат жана ошого жараша тыянак чыгарат.

Диссертанттын КТРКнын берүүлөрүнүн эфирдик торчосуна жасаган талдоосу боюнча, ободо “саясий күн тартибин” түзүүгө тиешелүү маалыматтардын эфирден берилишинин негизги учуру эки мезгилге туура келет:

**1**. «Прайм таймдын алдында» 17.00 - 18.00 – иштен кайтып келген шаардык аудиторияга эсептелген убакыт;

**2.** «Кечки прайм тайм мезгили» 19.00 - 22.00 – брендик берүүлөрдүн, үй-бүлө менен кароонун убактысы.

Республиканын коомдук-саясий турмушун чагылдыруучу контент так мына ушул мезгилдерде көрсөтүлөт жана ал ар түрдүү жанрдык

түрлөрдө болот (документалдуу фильмдер, оппоненттердин диалогу, маанилүү окуялар боюнча интервью, атайын репортаждар ж.б.).

КТРКнын социалдык-саясий берүүлөрүнө коомчулуктун болгон мамилесин талдоо менен, коомдук телекөрсөтүү бир катар саясий функцияларды аткарат деп жыйынтык чыгарууга болот, алар: маалыматтык, билим берүүчү, саясий социализация, инновациялык, коомдук кызыкчылыктарды артикуляциялоо, социалдык контроль, саясий коммуникация функциясы, коомчулукту чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу, ошондой эле мобилизациялоо функциясы, б.а. көздөлгөн саясий иш-аракеттерге үндөө.

Коомдук телекөрсөтүүнүн жарандык коомго таасиринин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот: аудиториянын телекөрсөтүү тутумуна тартылышы; саясий маалыматты алууда телекөрсөтүүнүн кайсы бир продукциясын аң-сезимдүү тандоо (эфирден эмнени жана кандай көргүм келет); айрым саясий билдирүүлөрдүн чагылдырылышын өз алдынча тандай билүү.

Муну менен, коомдук телекөрсөтүүнүн көз каранды эмес иши өлкөдөгү саясий модернизация процессинин курамдык бөлүгүнүн бири – сөз эркиндиги бар экендигинин чыныгы көрсөткүчү деп айтышка болот.

Таасир этүүнүн техникалык жана идеологиялык каражаттарынын кеңири тобуна ээ болуу менен, ал саясаттагы ар түрдүү максаттарга кызмат кылат: элди агартуу, жарандардын өз кадыр-баркын сезе билүүсүнө жана эркиндикке жетишүүгө умтулуусуна шарт түзүү. Мында социумдун келечеги негизинен коомдук телекөрсөтүү кандай позицияны ээлегенине жараша болот.

Коомдук телекөрсөтүү ар тараптуу олуттуу инструментарийге ээ болуу менен, Кыргызстанды демократиялаштыруу шартында саясий модернизация институттарынын бири катары комплекстүү саясий багытты иштеп чыгуу жана өлкөнүн саясий процесстерине катышуу үчүн бир бүтүн маалыматтык мейкиндикти жаратат.

**Экинчи главанын экинчи параграфында «Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын саясий институт катары азыркы абалы жана өнүгүү келечеги»** каралган. Диссертант коомдук телекөрсөтүүнүн уюштуруу структурасын, берүүлөрдүн учурдагы эфирдик торчосун, ошондой эле КТРКны өнүктүрүүнүн келечек стратегиясын изилдеген. Талдоонун негизинде изилдөөчү азыркы учурдагы өлкөнүн саясий процесстеринде жана цифралык технологияларды өнүктүрүү шартында КТРКнын андан аркы саясий модернизациясы бир катар өндүрүштүк процесстерди (медиа продукцияны чогултуу, сактоо, чыгаруу) конвергенциялоону камсыздоо зарылдыгы бышып жетилгенин аныктады. Ал үчүн жаңы технологиялардын негизинде бирдиктүү техникалык жана логистикалык маалыматтык борборду даярдоо зарыл.

Кыйла маанилүү учурлардын бири – жаңы информациялык-коммуникациялык технологиялар өздөрү саясий мейкиндик жарата

башташканында турат. “Жаңы медиалар” саясий өзгөрүштөрдүн инструментине айланышып, өз алдынча саясий ролго ээ болушуп, мындай өзгөртүүлөр үчүн күн өткөн сайын көбүрөөк пайдаланылган технологияга айлана башташты. Бир катар социалдык тармактар коомдун саясий чөйрөсүнө олуттуу таасир эте башташты. Жөнөкөй жарандардын жашоо-турмушунда социалдык медиалар саясий процесстерге таасир этүүнүн негизги элементтеринин бири болуп калды.

КТРК 2014-жылдан тартып өзүнүн социалдык медиадагы катышуу үлүшүн такай көбөйтүп келе жатат. Мунун натыйжасында каналдардын структурасы улам-улам жаңыланууда.

“Жаңы медиа” платформасына катышуусунун алкагында коомдук телекөрсөтүүнүн саясий процесстерге көп түрлүү таасир этүү ыкмалары эки маанилүү нерсени түшүнүүгө мүмкүндүк берет:

1) “Жаңы медиа” элдин жүрүм-турумуна кандай жол менен таасир этет;

2) коомдо тармактык платформалардын кандай типтеринин пайда болуу ыктымалдыгы көп.

Ушундай өзгөрүүлөрдүн жыйынтыгы катары борбордоштурулган медиа система пайда болот да, ал адамдарды бири-бири менен эмес, борбордошкон ири коомдук субъекттер жана борборлор менен байланыштырып, адамдардын арасында маалымат алмашуунун горизонталдуу агымынын ордуна иштеп калат. Келечекте КТРК мына ушундай медиа система болушу мүмкүн, анда мына ушуга бардык өбөлгөлөрү бар.

Бул жагынан алганда, коомдук телекөрсөтүү каналдарын өнүктүрүү келечеги анын жарандык коомдун саясий багытын түзүүдөгү ролуна байланыштуу болот. Коомчулук менен коомдук телекөрсөтүү такай диалогдо болуучу өнөктөштөр. Бул идеалдуу модель, анда бардык психологиялык, гендерлик, жаш курактык жана башка айырмалардын баары эске алынууга тийиш. Ушундай болгондо гана өлкөнүн саясий процесстериндеги саясий модернизациянын институту катары КТРКнын катышуусунун актуалдашуусу камсыздалат.

**Диссертациялык иштин корутунду бөлүгүндө** илимий жыйынтыктар жасалып жана Кыргыз Республикасындагы коомдук телекөрсөтүүнү өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштар берилет.

**1.** КТРК - бул өлкөнүн саясий процесстеринин шартында өнүгүп жаткан, Кыргызстандагы маалыматтык коммуникация тутумунда өзгөчө орунду ээлеп турган өз алдынча институт. Өзүнүн массалуулугуна жана ачыктыгына, баа берүүдөгү жана позиция түзүүдөгү ыкчамдыгына байланыштуу, коомдук телекөрсөтүү адам менен коомдун жана бийликтин ортосундагы натыйжалуу ортомчу, ал демократиялык өзгөрүштөр процессине активдүү катышуусу менен саясий процесске орчундуу таасир этип, коомдун саясий маданиятын калыптандыра алат;

**2.** Стратегиялык келечекте коомдук телекөрсөтүүнүн ролу Кыргыз Республикасынын демократиялашуу шартында алдыдагы экономикалык, интеллектуалдык, маданий, улуттук, илимий жана геосаясий өнүгүүнүн негизги ресурсу болот;

**3.** Коомдук телекөрсөтүү комплекстүү саясий багытты жаратуу үчүн жөндөмдүү бир бүтүн маалыматтык мейкиндикти уюштурат. КТРКнын саясий модернизацияга катышуусу Кыргыз Республикасындагы системалуу трансформация процессине тийиштүү таасир этүү үчүн өзөк болот. Саясий коммуникация функциясын аткаруу менен коомдук телекөрсөтүү өнүгүүнүн коомду баш коштурууга жана жалпы улуттук идеяны, ал эми келечекте мамлекеттик идеологияны иштеп чыгууга багытталган саясий векторун калыптандырат;

**4.** Саясий системанын өнүгүү шартында КТРК өзүнүн жеке өнүгүү векторун түзөт, ал аудиторияга кандайдыр бир максат менен бир тараптуу таасир этүүнү күчөтүүдөн эле эмес, анын тарыхый дөөлөттөрдүн жана каада-салттардын негизинде диалогдуу өсүшүнөн жана берүүлөрдү өркүндөтүүсүнөн да турат. Ошону менен КТРК жарандык коомдун калыптануусун, баш кошуп биригүүсүн камсыздайт, ошондой эле эл менен эриш-аркак байланышынын үзгүлтүксүз агымын камсыздайт, ансыз өлкөнү саясий модернизациялоо процесси мүмкүн эмес;

**5.** КТРКнын иши орчундуу коомдук-саясий натыйжаларды жаратат. Коомдук телекөрсөтүү маалымат берип эле тим болбостон, белгилүү бир идеяларды, көз караштарды, окууларды, саясий программаларды кеңири жайылтуу менен социалдык-саясий башкарууга катышат. Коомдук пикирди түзүү, атайын социалдык маанайларды иштеп чыгуу, ынанымдарды жаратуу жолу менен КТРК адамга кандайдыр бир иш-аракеттерди жасоого түрткү берет. Ушунун бардыгы коомдун саясий процесске катышуусунун өсүшүнө жана анын жарандык статусунун калыптанышына алып келет.

Диссертациялык иш боюнча жогоруда айтылган корутундулардан улам, талапкер Кыргыз Республикасындагы Коомдук телекөрсөтүүнүн ишин өркүндөтүү боюнча төмөнкүдөй практикалык сунуштарды берет:

**1.** Коомдук телекөрсөтүүнүн калыптанышына жана өнүгүү концепциясына негизги эки фактор таасир этет: 1) Башкаруу ыкмасы – коомдук телекөрсөтүүнүн башкаруучу жана башка саясий партиялардан көз карандысыздыгы. 2) Каржылоо ыкмалары – коомдук телекөрсөтүүнү абоненттик акынын эсебинен каржылоо, бул бюджеттин эсебинен каржылоодон бошотот. Ушуга байланыштуу КТРКнын ченемдик укуктук базасына өлкөнүн мамлекеттик бюджетинен финансылык көз каранды эместикти жана абоненттик акыны караштырган өзгөртүүлөрдү этап-этап менен киргизүү сунушталат.

**2.** Санариптик жана онлайн берүүлөрдүн катаал атаандаштык шартында КТРКнын рейтингин жакшыртуу жана кадыр-баркын чыңдоо үчүн бардык берүүлөргө, анын ичинде саясий багыттагы берүүлөргө да

ырааттуу жана такай баа берип туруу зарыл (контент-анализ). Социалдык-саясий маселелер боюнча берүүлөрдүн ачык-айкындыгын камсыз кылуу максатында берүүлөрдүн көз каранды эмес торчосун түзүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Программалардын сапатына (чыгармачылык мазмуну жагынан) такай баа берүүнү жүргүзүү.

**3.** Өлкөдөгү саясий модернизациянын көз каранды эмес институту катары КТРКга ишенимди арттыруу үчүн ар түрдүү саясий күчтөрдүн позицияларын эфирге тең салмактуу чыгаруунун так критерийлерин иштеп чыгуу керек. Бул үчүн КТРКнын Редакциялык саясатына ал критерийлердин так аткарылышына мониторингди камсыздоочу өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизүү зарыл.

**4.** Социалдык-саясий окуяларды, анын ичинде саясий өңүтү бар кылмыш иштерди чагылдырууда КТРКнын берүүлөрү калыс жана бейтарап болууга тийиш. Бул максатта жетекчиликке ошондой чырлуу окуяларды чагылдыруу боюнча атайын колдонмо иштеп чыгуу сунушталат.

**5.** Бүгүнкү күндө коомдук телекөрсөтүү коммерциялык пайда бербеген, бирок кыргыз коомчулугундагы саясий климатка таасир этүүчү теле-долбоорлорду чыгарып жатат, ошого байланыштуу КТРКны өнүктүрүү стратегиясына эфирдеги андай берүүлөрдүн проценттик катышын аныктоочу толуктоолорду киргизүү, ошондой эле ар кайсы саясий күчтөрдүн тең катышуусу, калыстык жана бейтараптык принциптеринде берүүлөрдү жаратуучу эрежелерди иштеп чыгуу зарыл.

**6.** КТРК коммуникациянын ар кыл каналдары аркылуу маалыматтарды жайылта алат, анын ичинен эфир жана интернет аркылуу кеңири жайылтууга айрыкча көңүл бурулушу зарыл. Социалдык медиа бүгүнкү күндө саясий жана социалдык турмуштун өнүгүүсүнө орчундуу таасир эте алат. Алар коомдун, айрыкча жаштардын саясий маданиятын калыптандырууда негизги ролдордун бирин ойношот. Ушуга байланыштуу КТРКнын социалдык-саясий продукциясын социалдык тармактарга чыгаруу боюнча жумушчу графигин түзүү, ошондой эле бул багыттагы иштин натыйжасын көрсөтүүчү, коомчулук менен болгон байланышты камсыздоочу отчеттуулук системасын иштеп чыгуу зарыл.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

**1.** Сатылканова А.Р. Общественное телевидение в политических процессах Кыргызской Республики [Текст] : Монография / А.Р. Сатылканова. - Б., 2018. - 145 б.

2. Сатылканова А.Р. Общественное телевидение в процессе политической коммуникации (на примере Кыргызской Республики)

[Текст] / А.Р. Сатылканова // Проблемы современной науки и образования. – 2016. – № 29. – Б. 109–113.
3. Сатылканова А.Р. Средства массовой информации и их роль в политической жизни Кыргызской Республики: теоретические аспекты [Текст] / А.Р. Сатылканова // Проблемы современной науки и образования. – 2016. – № 19. – Б. 117–120.
4. Артыкбаев М.Т. Телекөрсөтүү жана саясат [Текст] / М.Т. Артыкбаев, А.Р. Сатылканова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана – 2016. – №7. – Б. 227– 231.
5. Сатылканова А.Р. Кыргызстандын мезгилдүү басма сөзүндөгү “улуттук идея”: калыптануу көйгөйлөрү [Текст] /А.Р. Сатылканова, М.Т. Артыкбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2016. – № 6. – Б. 185– 188.
6. Сатылканова А.Р. Коомдук телекөрсөтүү: маңызы жана социалдык негиздери [Текст] /А.Р. Сатылканова // Вестник Кыргызско- Российского Славянского университета. – 2015. – Т.15, №10. – Б. 69–70.
7. Сатылканова А.Р. Телекөрсөтүү жана учурдун саясий реалийлери [Текст] / А.Р. Сатылканова // Вестник Кыргызско- Российского Славянского университета. – 2015. – Т.15, №5. – Б. 32–34.
Сатылканова А.Р. Чет өлкөдөгү коомдук телекөрсөтүү: өнүгүү тажрыйбалары [Текст] / А.Р. Сатылканова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. – 2015. – Т.15, №10. – Б. 64–67.

**Сатылканова Анара Рысбековнанын 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын саясий процесстериндеги коомдук телекөрсөтүү (КТРКнын мисалында)» деген темадагы диссертациясына**

# РЕЗЮМЕ


**Негизги сөздөр:** жалпыга маалымдоо каражаттары, телекөрсөтүү, коомдук телекөрсөтүү, саясий процесс, саясий коммуникация, саясий модернизация, демократиялык процесстер.

**Илимий изилдөөнүн объекти катары** Кыргызстандагы социалдык-саясий процесстердин субъекти болгон Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (КТРК) алынды.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандагы саясий процесстерде КТРКнын ролу жана саясий таасири иликтенди.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети**: Кыргызстандын демократиялашуу шартындагы саясий процессте КТРКнын социалдык-саясий, маданий процесстердин маанилүү субъекти катары ролун жана коомдо саясий маданиятты калыптандыруудагы анын таасирин коомдук телекөрсөтүүнүн заманбап саясий коммуникацияларын системалуу анализдөө менен көрсөтүү болуп саналат. Изилдөөнүн милдети коомдук телекөрсөтүүнүн теориялык жана методологиялык негиздерин, анын ишин жөнгө салуучу мыйзамдык базасын, өлкөнүн саясий процесстерине таасирин, коомдук телекөрсөтүүнүн азыркы абалын жана өнүгүү келечегин изилдөө.

**Изилдөөнүн методдору**: Диссертация менен иштөөдө тарыхый жана системалык ыкма колдонулду, ошондой эле дедукция жана индукция ыкмаларын пайдалануу менен баяндоочу анализдин компаративдик методу да колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Бул изилдөө – Кыргыз Республикасынын саясий модернизация шартында коомдук телекөрсөтүүнүн саясий функцияларын аныктоого байланыштуу ата мекендик саясат таануу илиминде биринчи кеңири жана системалуу илимий анализ.

**Практикалык мааниси жана пайдалануу тармагы:**

Диссертациянын натыйжалары коомдук телекөрсөтүүнүн ишин өркүндөтүү процессинде пайдаланылышы мүмкүн, ошондой эле республиканын ЖОЖдорунда “ЖМК жана саясат”, “Саясий технологиялар” ж.б. курстарын окутууда пайдаланылса болот. Изилдөө жүргүзүп жаткан иштин темасында коомдук телекөрсөтүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу стратегияны жана ченемдик укуктук базаны иштеп чыгууда пайдаланса боло турган даяр кейстик база камтылган.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Сатылкановой Анары Рысбековны на тему: «Общественное телевидение в политических процессах Кыргызской Республики (на примере ОТРК)» на соискание ученой степени кандидата политических наук по специальности 23.00.02 политические институты, процессы и технологии**


**Ключевые слова:** средства массовой информации, телевидение, общественное телевидение, политические процессы, политические коммуникации, политическая модернизация, демократические процессы.

**Объектом данного научного исследования** является Общественная телерадиовещательная корпорация Кыргызской Республики (ОТРК), как субъект социально-политических процессов современного кыргызстанского общества.

**Предмет исследования** – роль и влияние общественного телевидения в политическом процессе Кыргызской Республики.

**Цели и задачи исследования**: Цель диссертации состоит в исследовании роли ОТРК в политическом процессе в условиях демократизации Кыргызской Республики через системный анализ современных политических коммуникаций общественного телевидения. Задачи исследования: изучение теоретических и методологических основ общественного телевидения, его законодательной базы, исследование влияния ОТРК на политические процессы, изучение состояния и перспектив развития ОТРК.

**Методы исследования:** В ходе работы над диссертацией были использованы исторический и системный метод, а также компаративный метод с использованием описательного анализа с применением дедуктивного и индуктивного методов.

**Научная новизна работы:** Данное исследование – первый в отечественной политологии обширный и системный анализ политических функций общественного телевидения в политической модернизации Кыргызской Республики.

**Практическая значимость и область применения:** Результаты исследования могут быть использованы в процессе совершенствования деятельности ОТРК, а также при чтении в вузах республики курсов “СМИ и политика», «Политические технологии» и др. Исследованная нами тема содержит готовую базу кейсов, которые могут быть использованы при разработке стратегии, а также совершенствовании нормативно-правовой базы, способствующей развитию отечественного общественного телевидения.

**SUMMARY**

**the dissertation research of Satylkanova Anara Rysbekovna on the theme: «The Public television in the political processes of the Kyrgyz Republic: on the example of OTRK» on competition of a scientific degree of candidate of political sciences, specialty: 23.00.02 - political institutions, processes and technologies**

**Keywords:** mass media, television, public television, political processes, political communications, political modernization, democratic processes.

**Object of research:** Public television and radio company of the Kyrgyz Republic (OTRK), as a subject of an entire scientific research on social and political processes of modern Kyrgyz society.

**Item -** the role and influence of public television in the political process of the Kyrgyz Republic.

**The purpose of research:** The aim of the dissertation is to study the role of the OTRK in the political process in the conditions of democratization of the Kyrgyz Republic through the system analysis of modern political communications of public television. Objectives of the study: the study of the theoretical and methodological foundations of public television, its legislative framework, the study of the influence of the OTRK on political processes, the study of the current state and prospects for the development of the OTRK.

**Methodology:** Based on deductive and inductive research strategies applied in this dissertation the study presents historical and systematic methodology along with comparative methods, while using descriptive analyses.

**Scientific novelty of research:** This study is the first of its kind in the national political science field; it is an extensive and systematic analysis of the political functions of public television in the political modernization of the Kyrgyz Republic.

**Practical importance of research:** The results of the research could be used to improve the OTRK work and activities, as well as in the academic industry, specifically in universities across the country for courses such as «Media and politics», «Political technologies», etc., as well as in developing of the strategy of the OTRK, improving the regulatory framework of the OTRK. The topic we researched contains a ready-made database of cases that can be used to develop a strategy, as well as improve the regulatory framework for further enhancement of the public television.

Сатылканова Анара Рысбековна

**Кыргыз Республикасынын саясий процесстериндеги коомдук телекөрсөтүү (КТРКнын мисалында)**

Формат 60x84/16. Офсеттик басма.
Көлөмү 1,75 п.б. Тираж 100 нуска.

---

Типография ЖИ “К.С. Кожогулов”
Дареги: Бишкек ш., Куренкеев көч., 268